АЙГИНЕ МАДАНИЙ-ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУ

# Кылчык жүндүн кырк сыры: жүн буюмдарды жасоо боюнча кыргыздардын эзелки ыкмалары

Бишкек - 2017

АЙГИНЕ МАДАНИЙ-ИЗИЛДӨӨ БОРБОРУ

# Кылчык жүндүн кырк сыры: жүн буюмдарды жасоо боюнча кыргыздардын эзелки ыкмалары

**Бишкек - 2017**

Бул окуу курал Айгине маданий-изилдөө борборунун алкагындагы «Кылчык жүндү кайрадан иштетүү технологиясын жандандыруу боюнча кыргыздардын эзелки ыкмалары» долбоорунун негизинде түзүлдү. Долбоорду Борбордук Азия Тоолуу Хабы/Тоолуу өнөктөштүк офиси менен Борбордук Азия университетинин алдындагы (CAMH\MP\UCA) «Глобалдуу өзгөрүү үчүн тоолуу аймактарды туруктуу өнүктүрүү» SDC (SMD4GC) программасы колдоду жана каржылады.

**Окуу китепти түзгөн:** Сейдахматова Чынара

**Текст редактору:** Алыбаева Гүлнара

**Сүрөтчү:** Алишерова Алия

**Кылчык жүндүн кырк сыры: жүн буюмдарды жасоо боюнча кыргыздардын эзелки ыкмалары. - Б. 2017**

Бул окуу китепче ар түрдүү квалификациядагы кол өнөрчүлүк менен алектенгендерге жана кылчык жүндү ыргытпай иштин көзүн билген сарамжалдуу кожейкелерге арналат.

© Айгине маданий-изилдөө борбору, 2017
720040, Токтогул көчөсү 93,

# МАЗМУНУ


**Киришүү ......................................................................................4**

Аспаптар жана жабдуулар.....................................................................5

**Жүндү даярдоо.................................................................................5**

- Биринчи кадам – сорттоо ................................................................6
- Экинчи кадам – тытуу ......................................................................6

**Жүндү жуу ........................................................................................6**

- Үчүнчү кадам – жүндү жуу..............................................................6
- Төртүнчү кадам – жүндүн экинчи тытылышы...............................7

**Жүндү ийирүү**..................................................................................7

- Бешинчи кадам – жүндү ийирүү......................................................7

**Боёо...................................................................................................7**

- Алтынчы кадам – жипти боёо..........................................................7

**Буюмдар............................................................................................8**

- Жетинчи кадам ..................................................................................8
- Сегизинчи кадам ...............................................................................8

# Киришүү

Бул окуу курал Айгине маданий-изилдөө борборунун алкагындагы «Кылчык жүндү кайрадан иштетүү технологиясын жандандыруу боюнча кыргыздардын эзелки ыкмалары» долбоорунун негизинде түзүлдү. Долбоорду Борбордук Азия Тоолуу Хабы/Тоолуу өнөктөштүк офиси менен Борбордук Азия университетинин алдындагы (CAMH\MP\UCA) «Глобалдуу өзгөрүү үчүн тоолуу аймактарды туруктуу өнүктүрүү» SDC (SMD4GC) программасы колдоду жана каржылады. Бул уюм бийик тоолуу өрөөндөрдү колдоп, тоолуктарга жардам берет. Ушул долбоорго катышып, кыргыздардын эзелки өнөрүн үйрөнүп алсаңар, анда кең пейилдүү тоолуктардын ааламынан орун аласыңар.

Бул окуу китепче ар түрдүү квалификациядагы кол өнөрчүлүк менен алектенгендерге жана кылчык жүндү ыргытпай иштин көзүн билген сарамжалдуу кожейкелерге арналат. Ырас, кылчык жүндү иштетүү абдан татаал процесс, ошондуктан көп жерлерде аны иштете албай өрттөп же ыргытып жиберишет. Кыргызстанга уяң жүндүү койлорду алып келип көбөйтүп, андан сапаттуу жүндөрдү алганга чейин ата-бабаларыбыз ар кандай технологиялык билимдерди жана көндүмдөрдү колдонуп, жүндү ылгабай иштетип, жакшынакай керегине жараган нерселерди жасап алган. Ошондуктан байыркы ата-бабаларыбыздын билимин, көндүмдөрүн чогултуп жыйнап, заманбап жашообузда колдонолу деген үмүт менен бул долбоорду баштадык.

Бабаларыбыздын технологиясы эң жөнөкөй, бирок аны пайдаланууда бир топ кишинин күчүн талап кылат. Ошондуктан апаларыбыз кезегинде уюшуп алып, ынтымак менен бири-бирине жардам берип, чогуу бир кишидей иш кылышчу. Мындай татаал иш башташ үчүн абдан бийик деңгээлде уюшуу (кооперация) демилгеси керек.

«Ынтымак бар жерде, ырыс бар» дегендей, жүндү кайрадан жамаат менен иштетип чыгууну сунуштайбыз.

«Аракет бар жерде - берекет» деп үйрөнүп алсаңар, бир чоң олжолуу болосуңар. Биз сунуштаган окуу курал аркылуу сиздер үйүңөргө керектүү, ошол эле кезде жакшы сатыла турган буюмдарды чыгара аласыңар. Кийин долбоорубуздун уланышында, кол эмгегиңерди

жеңилдетүү үчүн технологиялык процессти рационалдаштырып, айрым иштерди механизациялаштырууга аракет жасайбыз.

Бул окуу куралда биз заманбап, көрктүү, жакшы сатыла турган буюмдардын дизайнын иштеп чыктык. Мисалы, унаага чехол, отургучтарга жапкыч, түркүн килемчелерди, пуфтарды, рюкзак, сумкаларды сунуштадык.

Урматтуу айымдар, үйүңөрдү коолдоп, артканын сатып, киреше тапканыңарга түрткү болор бекенбиз деген үмүтүбүз бар. Сиздердин аракетиңиздер берекетке толот деп ишенебиз жана ийгилик каалайбыз.

Суроoңор болсо бизге чалыңыздар, дарегибиз:

ОФ Айгине - 0312661952, 0555752223 – Сейдахматова Чынара.

Гүлнара Алыбаева, редактор.

## Аспаптар жана жабдуулар:

**Ыңгайлуу тез иштеш үчүн силерге керектүү инвентарлар:**

1. Көкүрөктү жапкан алжапкыч, алдында чоң, оң боорунда кичирээк чөнтөк болуш керек. Ал калың боздон тигилет. Мээлей (х.б. перчатки);

2. Ар бир аялга эки жыгач тарак керек;

3. Чоң темир ванна жана 5-6 чоң чара керек;

4. Биз жасаган бут ийик (анын конструкциясы биз аркылуу калыбына келтирилди жана ал биздин менчик болуп эсептелет);

5. Чий (жүндөн кийиз жасоочу буюм) анын туурасы 0,7 м. жана узундугу 2 м., болжолдуу 3-4 чий керек;

6. Стандарттуу көлөм (размер) менен боздон же жуттан тигилген каптар.

## Жүндү даярдоо

Күзгү менен жазгы жүндү айырмалай билиш керек. Күзгү малдын жүнү жаш, быша элек, жүнү кыска болот, аны иштеткенде аябай кирип кетет жана керектүү сапатын жоготот. Иштеткенге жалаң гана жазгы

жүндү тандаш керек, анын сапаты бийик, иштеткенге да абдан ылайыктуу. Заарага чыланып, сасып кеткен жүндөр такыр жарабайт. Анткени мындай жүндөрдүн жыты кандай амал кылбагын, такыр чыкпайт.

## Биринчи кадам – сорттоо

Жасаган буюмдарыңардын көрктүүлүгү жүндүн кылдат сорттолгонуна жана ар кандай параметрлер боюнча бөлүштүрүлгөнүнө байланыштуу болот:

1. өңүнө;

2. катуулуулугуна;

3. майлуулугуна;

4. узундугуна;

5. кирдегенине – түймө уйгак менен кумалактардын жабышып калганы. Бөлүнгөн жүндүн ар бирин өзүнчө жууп, тыткан соң жасалчу буюм сапаттуу болуп чыга келет.

## Экинчи кадам – тытуу

Алжапкыч менен мээлейди кийип, жүн тытканды баштагыла. Эки тарактын ортосуна жүндү салып алып, ары-бери он чакты жолу сыдырып алгыла, сыдырган сайын жабышкан уйгактар, кумалактар, кылдар алжапкычка түшүп тазаланат. Тазаланган жүндү алжапкычтын чоң чөнтөгүнө чачышып калбас үчүн узунунан, бир жакты карай ыңгайлаштырып салгыла. Чөнтөк толгондо даяр таза жүндү чийдин үстүнө ыңгайлаштырып тизгиле. Чийге тизгенде жүндүн биринчи катын чийдин узунуна карата, экинчи катын чийдин туурасына карата салгыла. Ошентип чийге 4-6 кат тытылган жүн салынат.

## Үчүнчү кадам – жүндү жуу

Жүн салынган чийлерди тыгыз ороп, аны бекем байлап тикесинен ваннага кулап кетпес үчүн бири-бирине жабыштырып койгула. Ваннага суу толтуруп, көбүрөөк туз салып, абдан майлуу жүн болсо натрий кошуп, ваннанын түбүнө от жагып, тегиз орточо отко кайната баштагыла. Кайнаган сайын суунун үстүнө кадимки эле чий көбүктөй ыпыр-сыпыры чыга баштайт, ал чыккан сайын алып туруш керек. 40-

60 минут кайнаткан соң чийлерди ваннадан чыгарып күн тийген жерге тикесинен тургузуп койгула, ошол бойдон кургасын.

## Төртүнчү кадам – жүндүн экинчи тытылышы

Биринчи жолу тыткандай эле жуулган жүндү тытып, ыңгайлаштырып каптарга салып ийиргенге даярдап койгула.

## Бешинчи кадам – жүн ийирүү

Таза жүндү ийиргенге даярдап койгула. Ийикке салып, ийирилгенден соң жип калтекке оролуп калат. Калтек толгондо, аны чыгарып, жибин атайын даяр таяктарга ороп алгыла. Ийикти жай айлантсаңар жибиңер калың болот, тез айланткан сайын жип жукарып, катуу боло баштайт. Даяр болгон жиптерди боёш үчүн ваннага салабыз.

## Алтынчы кадам – жипти боёо

Ваннага суу ысытып, тандаган боёгуңарды салгыла. Таяктарга оролгон жибиңерди салып, кайнатып боёйсуңар. 30-40 мин. кайнатасыңар, боёгу жакшы сиңиш үчүн уксус же ачык таш салып койгула.

## Боёогон заттар:

1. Мала саргыч — пияздын кабыгы;

2. күн сыяктуу сары түс — кымыздыктын тамыры;

3. кызыл түстөн кочкул кызылга - анардын кабыгы;

4. мала кызылдан ачык кызылга — мак гүлү;

5. кызылдан күрөңгө — темирдин даты жана ташта жабышкан бот (лишайник);

6. көк түстөн кочкул көккө жана сыяга - жаңгактын жаш жалбырактары, камыш;

7. күрөң түстөн карага чейин - быша элек көк жаңгактын кабыгы;

8. ачык жашылдан кочкул жашылга - беде гүлдөгөнгө чейинки май айындагы чөп.

Боёгу сиңгенден кийин калтектеги жипти ваннадан чыгарып, аны тик боюнча коюп, күнгө кургаткыла.

## Жетинчи кадам


Тандаган буюмду баштаардын алдында, үлгү даярдаш керек. Эни 20 см., узуну 40 см. калдыктан каалаган техника менен, т.а. манжалар менен, шиш же илме шибеге менен бир катар токуп алгандан кийин илмекке алынган жиптин катардагы санын белгилеп алуу керек. Даяр үлгүнү 40 мин. кайнатып, кургагандан кийин канча сантиметрге же канча % кирип кетээрин байкаш керек. Болжолдуу жүндөн токулган калдык (лоскут) орто эсеп менен 25 – 30% кирет. Эсеп далилденген соң илмектин (петли) эсебин чыгарып, буюмду баштасаңар болот.


## Сегизинчи кадам

Илме шибеге же шиш менен токулчу буюмдарды даярдоо


**Аялдардын рюкзагы:** бийиктиги 42 см., туурасы 32 см., ачык түстүү жиптен токулат.

Илме шибеге же шиш менен токулат. Узундугу 104 см., туурасы 40 см. төрт бурчтук токугула. №1 схемада көрсөтүлгөндөй төрт бурчтуктун бир кырынан рюкзактын капкагына оймо түшүрүп токуп бүтүргөндө, эки четинен илгич (воздушные петли) менен бүтүрүп койгула. Өзүңөрдүн боюңарга ченеп, рюкзактын кармагычын токугула. Жарым-жартылай (полуфабрикат) даяр болгондо 40 мин. кайнаткыла. Кургаганда схемада көрсөтүлгөндөй ортосунан бүгүп, эки жагын тигип, кармагычын, топчусун кадагыла. Рюкзак даяр.






*Даяр рюкзак* *Үлгү*



*Оюну токуу схемасы*


2. Мектепке колдонула турган балдардын рюкзагы бийиктиги 60 см., туурасы 40 см. илме шибеге же шиш менен токулат.

Балдардын рюкзагы боёлбогон жиптен, ачык түстү күрөңүрөөк түс менен аралаштырып, улам кайталап токулат. №2 схемада көрсөтүлгөн үлгү менен рюкзактын эки бетин, боорун токуп алгыла. Боорундагы жылдыргыч (молния) салына турган тешигин унутпай сала кеткиле.


Ченемин – үлгүнүн ченемине дагы 25% кошуп чоңураак кылып токугула, оймону түшүргөндү унутпагыла. Жарым-жартылай (полуфабрикат) даяр болгондо, аны кайнатып, кургатып, анан бири-бирине кошуп тигип, кармагычын кадап, жылдыргычын (молниясын) салып койсоңор рюкзак даяр болот.


## №2 схема






*Рюкзактын арткы жагы* *Үлгү*




*Артык жагы* *Алды жагы*





*Канталы*

Аялдардын кол баштыгы бийиктиги 45 см., туурасы 36 см. илмек шибеге менен да, шиш (спица) менен да токуса болот. Жиптин ачык түсүн тандасаңар болот, мисалы, кызгылт күрөң менен жашыл түстү тандагыла. Бир жагы 58 см., бир жагы 90 см. болгон төрт бурчтукту бир түстүү жиптен токуп алгыла. №3 схемада көрсөтүлгөндөй, бир тарабына оймосун башка түстүү жип менен токуганды унутпагыла. Кайнатып, кургатып алгандан кийин, ортосунан бүгүп, эки жанын бириктирип алып, ичин сыртка оодарып бурчтарын тигип салып, баштыктын түбүн кеңири кылып аласыңар. Жапкычын каалагандай салсаңар болот. Топчу, же жылдыргыч (молния), же магниттен кнопка деле жарайт.

## №3 схема





*Даяр сумка     Үлгү*

4. Токулган массаж чокою илмек менен токулат. №4 схемада көрсөтүлгөндөй, өз бутуңардын көлөмүн ченеп алып, биздин схемадагы үлгүгө салыштырып, ага 25% кошуп, ишти баштагыла.

Тоонун оюсун унутпай токуй кеткиле. Кургатып алып кончун бириктирип, таманына тигип жабыштыргыла. Чокоюңар даяр.


**№ 4 схема**



*Даяр чокой*



*Кончунун үлгүсү*




*Тамандын үлгүсү*



*Оюнун схемасы*

5. Токулган массаж үй чокою. Жогоруда айтылган чокойдой эле токулат. №5 схеманы пайдалангыла.


## №5 схема



*Даяр үй чокою*




*Кончунун үлгүсү*




*Тамандын үлгүсү*

6. Токулган кийиз пуф (отургуч) илмек менен токулат. Ортосунан баштап тегерек соккула, диаметры 60 см. болгондо бийиктигин токуй баштагыла, ал үчүн төрттөн бирин илмек менен жаап кичирте кеткиле. Бийиктиги 49 см. болгондо кайра төрттөн бирин көбөйтүп илмек (петель) тегеректи токуп, улам кичиртип олтуруп, кол кирээр тешик калтырып кеткиле. Кайнатып, кургаткандан кийин ичине чехол тигип киргизип, аны холофайбер менен толтуруп, анан токуп тешигин жаап койсоңор пуф даяр.

## № 6 схема



*Даяр пуф*




*Оюнун схемасы*

7. Керебеттин жанында төшөлчү массаж килемче. Ал кол менен токулат, даяр болгондо анын узундугу 2 м., туурасы 1,2 м. болот.

№7 схема боюнча узундугу 2,5 м., туурасы 1,5 м. даяр үлгү боюнча эки кол менен карама каршы түстөгү жиптер менен килемченин узунуна карай токулат.

## №7 схема




*Даяр килемче*



*Оюнун схемасы*

8. Түстүү массаж килемче илме шибеге менен токулат. №8 схема (үлгүсү интернеттен алынган, дареги: https://www.livemaster.ru/

## №8 схема





*Массаж килемченин даяры*


9. Автоунаага чехол илмек шибеге же шиш (спицами) менен токулат. №9 схемадагыдай төрт бурчтуктарды токугула. Арткы отургучуна узундугу 1,9 м., туурасы 0,64 м. төрт бурчтук токулат, кайнатылгандан кийин, схемадагы үлгүнүн ченеминдей болуп кирип кетет. Бурчтарындагы тиликтерин бүтөп койсоңор кыр түшүп, кийгизгенде ыңгайлуу болот. Бирок жылбаш үчүн арт жагынын эки тарабына чоймо (резинка) киргизип койгула. Ушундай эле ыкма менен алдыңкы отургучтун жана жөлөңгүчүн (спинка) токугула. Илбирс түшүрүлгөн оюну калың кездемеден оюп алып, даяр жапкычтарга кол менен тигип койгула.

## №9 схема






*Айдоочунун отургучунун даяр жөлөнгүчү* *Аппликация үчүн ою*




*Арткы отургучтун үлгүсүнүн схемасы*





*Жөлөнгүчтүн жана алдыңкы креслонун жапкычынын схемасы*


10. Диван жана отургучтардын жапкычы. Автоунааныкындай эле токулат, бир айырмасы, бурчунда тилиги жок. Ошондуктан кыр түшүрбөйсүңөр. №10 схемада көрсөтүлгөн ченемине 25% кошуп

токугула, кургатып, оюнун сүрөтүн башка кездемеден кесип алып, кол менен жабыштырып тигип койгула.

## №10 схема




*Диван үчүн массаж жапкыч*




*Отургуч үчүн жапкыч*

## Адабияттар:

1. Монолдоров Ш.К. "Кыргыздын улуттук оюм-чийимдери". Бишкек. Кесип. 1995.
2. Акматова Гулмира. "Оймо - ойдун эргүүсү", Бишкек. 2012.
3. Кыргыз оймолору. Фрунзе. "Кыргызстан", 1986.